**УДК: 37:378. 978.**

# ИНСАНДАГЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК АБАЛДАР ЖАНА АЛАРДЫН ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Ысакова Мавлюда Айтматовна - ОшМПУнун ага окутуучусу
ORCID: 0009-0005-8889-2060
Mavludaysakova1503@gmail.com

**Аннотация.** Макалада педагогикалык ЖОЖдордо окутулуучу жалпы психология предметиндеги инсандагы психикалык абалдар (эмоция жана сезим), алардын негизги өзгөчөлүктөрү, мааниси, педагогдук иш-аракеттеги орду, үйрөтүүнүн маани-маңызы жана аны кыргыз тилинде билим алып жаткан студенттерге үйрөтүүдөгү көйгөйлөр жана болочок педагогдордогу педагогикалык-психологиялык компетенцияларды калыптандыруу маселелери каралат. Инсандан табияты, инсандын жекече өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык абалдары, ички сезимдердин калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, адамдын акыл жагынан өнүгүү өзгөчөлүктөрү да психология сабактарында үйрөтүлөт. Болочок педагогдордун жана психологдордун кесиптик компетенцияларын калыптандырууда педагогикалык-психологиялык компетенцияларды, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун мааниси чоң. Мына ошондуктан болочок педагогдорду жана психологдорду компетенттүү адис катары даярдоодо психологиялык дисциплиналардын арасында түздөн-түздөн педагогикалык-психологиялык компетенцияларды (инсандардын тайпа ичиндеги өз ара мамилесинин, топтордун өз ара карым-катышынын психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана психологиялык билимдерин, көндүмдөрүн, билгичтиктерин практикада колдонуу ыкмаларын үйрөнүүсү), компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталгандыктан психология предметин окутуп үйрөтүү зарыл экендиги аныкталып турат.

**Түйүндүү сөздөр:** билим берүү, жалпы психология, термин, эмоция, инсандын психологиясы, өзүн-өзү андап билүү, сезим, эмоционалдык абалдар, инсандагы сезимдер, кабыл алуу, маанай.

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ СОСТОЯНИЯ ЧЕЛОВЕКА И ИХ ЭФФЕКТИВНОСТЬ В ОБУЧЕНИИ

Ысакова Мавлюда Айтматовна - ст.преподователь ОшГПУ.
ORCID: 0009-0005-8889-2060
Mavludaysakova1503@gmail.com

**Аннотация.** В статье рассматриваются психические состояния личности (эмоции и чувства) по предмету общей психологии, преподаваемому в педагогических вузах, их основные особенности, значение, место в педагогической деятельности, сущность обучения и проблемы его преподавания студентам, обучающимся на кыргызском языке, и вопросы формирования педагогико-психологических компетенций у будущих педагогов. На занятиях по психологии также изучаются характер личности, индивидуальные особенности человека, эмоциональные состояния, закономерности формирования внутренних чувств, особенности психического развития человека. Большое значение в формировании профессиональных компетенций будущих педагогов и психологов имеет формирование педагогико-психологических компетенций и компетентности. Поэтому при подготовке будущих педагогов и психологов в качестве компетентных специалистов преподавание предмета психологии направлено на формирование среди психологических дисциплин непосредственно педагогико-психологических компетенций (изучение психологических закономерностей внутригруппового взаимодействия индивидов, групповых взаимоотношений и способов применения психологических знаний, умений, навыков на практике) определено, что обучение необходимо.

**ключевые слова:** образование, общая психология, термин, эмоция, психология личности, самосознание, чувства, эмоциональные состояния, чувства в личности, восприятие, настроение.

## PSYCHOLOGICAL STATES OF A PERSON AND THEIR EFFECTIVENESS IN LEARNING

**Ysakova Mavlyuda Aitmatovna Senior Lecturer, Department of Pedagogy and Psychology, Osh State Pedagogical University**
ORCID: 0009-0005-8889-2060
.
Mavludaysakova1503@gmail.com

**Abstrakt**. The article examines the mental states of a person (emotions and feelings) in the subject of general psychology taught in pedagogical universities, their main features, significance, place in pedagogical activity, the essence of learning and the problems of teaching it to students studying in the Kyrgyz language, and issues of the formation of pedagogical and psychological competencies among future teachers. Psychology classes also study personality, individual characteristics of a person, emotional states, patterns of formation of inner feelings, and features of a person's mental development. The formation of pedagogical and psychological competencies and competence is of great importance in the formation of professional competencies of future teachers and psychologists. Therefore, when training future teachers and psychologists as competent specialists, teaching the subject of psychology is aimed at the formation of pedagogical and psychological competencies among psychological disciplines (the study of psychological patterns of intra-group interaction of individuals, group relationships and ways of applying psychological knowledge, skills in practice), competencies.it is determined that training is necessary.

**Key words:** education, general psychology, term, emotion, personality psychology, self-awareness, feelings, emotional states, feelings in personality, perception, mood,

Өлкөбүздөгү билим берүүнү жакшыртуу жана аны дүйнөлүк стандартка жеткирүү талабы бүгүнкү күндөгү негизги маселе катары каралууда. Билим берүүдөгү жаңыча талаптардын натыйжасында Кыргызстанда кесипке даярдоодо, студенттер алган билимдерин турмуш-тиричиликте, кесибинде колдоно алуу жөндөмүнө ээ кылуу билим берүү тармагындагы негизги максат болуп калды. Билим берүү жаатында, мугалимдик кесиптеги адистерди даярдоо да, билим берүү жаатында өз салымын кошууну эң негизгилерден деп белгилеп, жаңыча ыкмаларды ишке ашырууну педагогикалык багытта жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, мугалим менен окуучунун, окуучу менен курбалдаштарынын өз мамилеси көптөгөн жаңы коомдук көз караштарды, карым-катыштагы социалдык талаптарды жаратты. Коомдогу ар кандай пикирлер, психологиялык күтүлбөгөн кырдаалдар, ар кандай маалыматтар, педагогикалык окуу жайларда болочок педагогдорго психологиялык билимдерди берүүнүн зарыл экендигин дагы бир жолу аныктады. Кыргызстандын кесиптик билим берүү системасында ЖОЖдордо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо психология боюнча окутулуучу сабактардын топтому өзгөчө орунда турат. Анткени болочок мугалим психологиялык билимдер аркылуу гана балдардын психикалык жактан өнүгүшүнүн шарттарын, факторлорун, мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнөт. Ошондой эле инсандан табияты, инсандын жекече өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык абалдары, ички сезимдердин калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, адамдын акыл жагынан өнүгүш өзгөчөлүктөрү да психология сабактарында үйрөтүлөт. Болочок педагогдордун жана психологдордун кесиптик компетенцияларын калыптандырууда педагогикалык-психологиялык компетенцияларды, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун мааниси чоң. Мына ошондуктан болочок педагогдорду жана психологдорду компетенттүү адис катары даярдоодо психологиялык дисциплиналардын арасында түздөн-түздөн педагогикалык-психологиялык компетенцияларды (инсандардын

тайпа ичиндеги өз ара мамилесинин, топтордун өз ара карым-катышынын психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана психологиялык билимдерин, көндүмдөрүн, билгичтиктерин практикада колдонуу ыкмаларын үйрөнүүсү), компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган “Жалпы психология” предметин окуп үйрөнүү өзгөчө орунда турат. Педагогикалык адистиктердин студенттерине жалпы психология предметин окутуу аркылуу болочок педагогдордо педагогикалык-психологиялык компетенциялар, компетенттүүлүктөр калыптандырылат.

Аталган курсту окуп үйрөтүүдөгү максат - болочок адистерге адамдын жалпы психикалык процесстери (кабыл алуу, көңүл буруу, эс, сезүү, кыялдануу, ойлоо), психикалык абалдар (сезим жана эмоция), психикалык касиеттер (темперамент, мүнөз, жөндөмдүүлүк) туурасындагы маалыматтарды окутуу менен алардын алган маалыматтарын өз практикасында колдонуу аркылуу, өздөрү окутуп жана тарбиялап жаткан окуучуларындагы өзгөчөлүктөрүн жана кээ айырмаланган жактарын көрүп, баамдай алышат. [2]. “Жалпы психология” предметинин мазмунун инсан, ишмердүүлүк, карым-катнаш, психикалык процесстер, психикалык абалдар жана психикалык касиеттер түзөт. Адамдардын бири-бири менен болгон карым-катнашы, мамилеси өз ара байланыш аркылуу ишке ашкандыктан өз ара карым-катышта алардын бири-бирине таасир этүүсүндө эмоциясы, инсандык сезими ж.б. с. аркылуу байланышкандыктан, жалпы психология изилдөөгө алган эн башкы маселелердин бири  катары инсандагы эмоция жана сезим эсептелет. Эмоция менен сезим темаларын  үйрөнүүдө инсандардын өзүн-өзү таанып билүүсү, карым-катыштагы, иш аракеттеги, жүрүм-турумундагы айырмачылыктар, окутуу жана тарбиялоо процессиндеги окуучулардын эмоционалдык абалдар, сезимдин түрлөрү жана аларды туура кабылдоо, өнүктүрүү  өзгөчөлүктөрүн ар тараптан үйрөнүшөт жана практикалык сабактарда алган билимдерин өз турмушунда колдонууга машыгышып, коммуникациялык компетенцияларын өнүктүрүшүп, практикада колдоно алуу билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болушат. Окуучулардагы эмоционалдык абалдардын бат-баттан алмашып туруусу жаш балдарга караганда бир аз болсо контролго салынгандыктан ар кандай психологиялык таасирлерге ойлонуп, аң сезимдүүлүк менен реакция бере тургандыктары алардын иш-аракетинен жана бет булчуңдарынын иштөөсүнөн ачык байкалат. Эмоциялардын өзгөрүүсү анын мүнөзүнөн жана темпераментинен да көз каранда болот. [2].

Эмоционалдуулук - (франц. Emotion – ички сезим, толкундануу).

Эмоционалдык маанидеги сөздөр жаратылыштык көрүнүштөргө, нерселерге же сүйлөмдө айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн байкоосун, баамын, сезүү, кабыл алуу мүнөзүн, мамилесин билдирген сөздөр болуп, өздөрү катышкан сүйлөмдүн мазмунуна ар кыл мүнөздөгү экспрессивдик, эмоционалдык маани кошот, сүйлөмдүн субъективдик мазмунун түзөт.

Мындай сөздүн мааниси лексикалык жана эмоционалдык маанилердин бирдигинен турат. Анын лексикалык мааниси нерсе же көрүнүштөрдү атап көрсөтүүгө негизделсе, эмоционалдык мааниси сүйлөөчүнүн ошол нерсе же көрүнүштөргө карата болгон субъективдүү мамилеси, баалоосу аркылуу аныкталат.

Эмоционалдык маанидеги сөздөр маани жагынан өтө бай, б.а., алар эркелетүү, кубануу, өкүнүү, сүйүнүү, жек көрүү, кайгыруу, жактырбоо, каалоо, аѐо, чочуу, шылдыңдоо, каргоо, кубаттоо ж.б. сыяктуу адамдагы ар кыл сезимди билдирет.

Сезим - адамдын дүйнөгө жана өзүнө жасаган мамилесинин өзгөчө чагылышы.

Сезим аздыр-көптүр туруктуу (сүйүү, жек көрүү, сыйлоо), же конкреттүү шартка байланыштуу кыска мөөнөткө созулушу мүмкүн (кубаныч, кайгы, уялуу ж.б)

Сезим коомдук окуяларга, адамдарга, жаратылыш кубулуштарына болгон субъективдүү мамилени туюнтканы менен, алардын объективдүү сапаттарына да көз каранды. Ал тааным процесстери: сезүү-туюу, кабыл алуу, ой жүгүртүү жана башкалар менен байланышта пайда болот. [5].

Сезим дин калыптанышы адамдын жашоо шарты, иш-аракеттеринин жагдайы, нерв системасынын өзгөчөлүгү менен шартталат. Ошондуктан сезимдин тереңдиги, туруктуулугу, таасирдүүлүгү ар кимде ар кандай. Ал адамдын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү көрсөтөт.

Сезим адамдын жүрүм-турумунда, практикалык жана тааным иш-аракеттеринде чоң мааниге ээ.

Эмоциялык абалдар.

Көңүл-жагымдуу, жагымсыз, пайдалуу, пайдасыз ж.б. ар түрдүү дүүлүктүргүчтөрдүн жалпы организмге таасир этишинин натыйжасына адамдын жакшы, жаман сезүү абалы психология илиминде көңүл деген түшүнүк аркылуу туюнтулат. Көңүлдүн пайда болуу себептерине төмөнкүлөр кирет: начар интенсивдүүлүккө ээ. Мисалы кайгыруу, чочулоо, сыяктуу касиеттер адамдын толкундоо абалына кирет. Иш аракетке анын түрдүүчө натыйжасына көңүл сөзсүз таасир этет. Көңүлү куунак абалда адам өзүн чыйрак сезет, ишке жөндөмдүүлүгү кескин түрдө жогорулайт. Мугалимдин сабакка маанайы жок болуп кирүүсү, окуучулардагы шектенүүнү, чочулоону же коркууну пайда кылат. Алардын терс эмоциясыны пайда болуусу сабакка болгон кызыгууну төмөндөтө тургандыны баарыбызга маалым.

Аффект(келесоолонуу)-адамдагы аффективдүү абалдын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү эң чоң интенсивдүүлүктө жүрөт,ачык байкалат. Адам аффективдүү абалда турганда,колдору туюлуп,үнү катуу чыгып,дем алуусу начарлап,бети канга толгондой кызарып кабагы бүркөлөт.Адам аффективдүү абалда өзүн-өзү жоготуп,бир орунда катып калышы мүмкүн же аффектиге себепчи болгон шарттан качууга аракет кылат.Кыска убакытка созулат.

Отчетсуз абалга ээ болуу абалы. Аффективдүү абалда адам өзү жасап жаткан ишке мани бербейт,аракетин башкара албай калат. Диффузиялык мүнөзгө ээ аффектини пайда кылуучу дүүлүктүргүч адамдын бүткүл денесине бийлик кылып, аң-сезимди иштен чыгарат. Мындай абалда адам чектелген гана объектилерге көңүл бурат. Ошентип аффект-адамдын аң-сезимин толук, тез ээлеп, дуулдап өтүүчү эмоционалдык процесс. [4].

Стресс (чыңалуу)-адамдын кыймыл-аракетеринин, ойлоосунун жогорку чыңалуу абалында өтүүсүн мүнөздөйт. Ал коркунучтуу абалда аракет кылганда, иш аткаруу убактысынын чукулдугунда, иште көп белгисиздиктер орун алганда пайда болот. Стресстик абал жогорку өкмөттүк деңгээлдеги адамдардын сөздөрүн которгон котормочуларда ачык байкалат. Алар кыска убакыттын ичинде айтылып жаткан маалыматтарды мазмунун бузбай, так которуп,угуучуга жеткизүүгө тийиш. Которуу учурунда котормочулардын кан тамыры бир минутада 160 жолу соккон, электоркордиограмма кесин түрдө бузулган. Эгерде окуучунун даярдаган тапшырмасы туура эмес же толук эмес болгон учурда анын кан тамырынын согуусунун деңгээли да коркуу учурунда өзгөрүүгө учурай тургандыгын эске алуубуз керек.

Стресске окшогон кубулуштардын бири- Фрусстрация.муну англис сөзүнөн которгондо «пландын бузулушу, жолу болбогондук» деген маанини билдирет.

Фрустация-кайгыны баштан кечирүүнү, канааттанбаган, көздөгөн максатка жетпеген абалды көрсөтүүчү терс эмоционалдык процесс. Анын ачык көрүнүшү болуп депрессия,агрессия саналат. Бул жоопту ишти аткара албагандан, жолдошторунун,туугандарынын алдында өзүн жоопкерчилигин сезип, ал абалдан чыга албагандан пайда болот. Кыскасы депрессия терс эмоциялык фондо пайда болуп, адамдын мотивациялык сферасын өзгөртөт, таануу мүмкүнчүлүгүн, жүрүш-турушун жалпы абалын начарлатат.

Астеникалык грек сөзү астения «алсыз» «начар» сезим.Астеникалык сезим көңүлдүн, уйкунун бузулушун, сезгичтиктин чектен төмөндөшүн, тез чарчагандыкты жана начарлоону туюндуруучу процесс. Бул сезимде ишке болгон аракет төмөндөйт, энергия пасаят.

Стеникалык грек сөзү «күч» сезим. Стеникалык сезим индивиддин жогорулаган иш жөндөмдүүлүгүн,түрдүү тоскоолдуктарга болгон туруктуулугун,узак убакытка чейин иштөө жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт. Бул сезимде жүрөк кубаты иштеп, кан басымы жогорулайт, энергия күчөйт.

Амбиваленттик сезим (амбивалент-латын сөзүнөн алынып «эки» «күч»). Бул амбиваленттик сезим түшүнүгүн щвецариялык психиатр Э.Блейлер сунуш кылган. Бул сезим бир эле затка адамдын эки башка көз караште болуусун билдирет. Мисалы сүйүү менен жек көрүү, ыраазычылык менен нараазычылык ж.б. Бул сезимдин бирөөсү четтетилет экинчиси далдаасында калат. [3].

Жогорку сезимдер моралдык,интеллектуалдык, эстетикалык болуп бөлүнөт.

Моралдык сезим-коом тарабынан иштелип чыккан моралдык категориялардын негизинде адам өзүн курчап турган объектилерге карата мамилесин билдирет. Анда личносттун адамдар ортосундагы мамиле,өзү жашаган коомго болгон жекече көз карашы чагылат. Моралдык сезим этикалык нормалардын, адамдык мамилелердин системасында пайда болот. Ар бир коом,эл өзүнүн жашоо чөйрөсүнө жараша белгилүү моралдык нормаларды иштеп чыгат. Адамдын моралдык сезими жакшы көрүүдө, сыйлоодо, жек көрүүдө, сүйүүдө, ыраазылык билдирүүдө байкалат. Психологияда ойлоо менен эмоциялык сезимдердин ортосунда тыгыз байланыштар бар экендиги бар. Эмоция ойлоо аракетин башкарууга жөндөмдүү. Адам таануу процессинде ар кандай жаңы гипотезаларды жаратат. Алардын реалдуулугун,тактоо,далилдөө же жокко чыгарууда адамда ишенбөө, таң калуу,кызыгуу жана кубануу сыяктуу эмоциалдык абалдар пайда болот. Натыйжада жаратылыштын закондору ачылат.

Интеллектуалдык сезим–адам баласынын акыл иш аракетине байланыштуу пайда болгон сезимди айтабыз.Ушул сезимдин адам баласында жашашы менен адам айбандардан айырмаланып турат.Анын калыптанышы социалдык табиятка жараша болот.

Эстетикалык сезим-адам баласынын өз колунда жасаган же жаратылыштагы коздукту кабыл алуудан пайда болот. Сулуулук адамды өзүнө тартып, анын ички дүйнөсүндөгү түрдүү өзгөрүүлөргө алып келет.

Эстетикалык сезимди жалан гана сулуу предметтер эмес, өтө интеллектуалдуу личность да, өз эмгеги менен элди таң калтырган инсан да козгойалат. [3].

Болочок педагогдор коммуникациялык компетенцияларга ээ болууда төмөнкүдөй билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушу зарыл.

1. Окутуп тарбиялоо процессинде, балдарга билим, тарбия берүүдө, окуучу эмнеге кызыкса, эмнени түшүнсө, ошого жараша сөздү, тапшырманы баланын жөндөмүнө, темпераментине, кызыгуусуна ошол эле учурда эң маани бере турган нерсе, анын эмоциясына карап иш алып баруусу иш аракеттин ийгиликтүү болушун камсыз кылат. Ошондуктан педагог ар дайым окуучулардын эмоционалдык абалын ( капалуубу, коркуп турабы же позитивдүү абалдабы билүү менен, кызыгуусун эске алып, алар менен болгон өз карым-катышын, мамилесин уюштуруусу зарыл.

2. Өзүн бирөөнүн ордуна коюу жөндөмдүүлүгү. Башка адамды түшүнүү үчүн, өзүн анын ордуна коюп көрүүнү билүү коммуникацияны ийгиликтүү болушун камсыздап, баарлашкандарды бири-бирин түшүнүүгө алып келет. Баарлашуу учурунда түшүнбөөчүлүк болуп кетсе, каршы пикир айткан адамдын ордуна өзүн коюп көрүп гана, бир эле учурда өзүнүн жана баарлашып жаткан башка бирөөнүн позициясын салыштырып көрүп гана түшүнбөөчүлүктөн арылууга жана чыр-чатакты болтурбай коюуга болот.

3. Өзүн жөнгө салуу жөндөмдүүлүгү. Мугалим өз жүрүм-турумун жөнгө салып башкаруу көндүмдөрүнө ээ болушу зарыл. Ошондо гана окуучулар, ата-энелер, мугалимдер менен болгон мамиледе өз эмоциясына алдырбайт, өз жүрүм-турумун көзөмөлдөп, кырдаалга жараша өз жүрүм-турумун уюштура алат жана дайыма мугалим педагогикалык тактты сактоого жетишет.

4.Өзүн талдоо (өзүн баалоо) жөндөмдүүлүгү. Адамдын өзү жөнүндөгү, өз жүрүм-туруму жөнүндөгү ой жүгүртүүсү жана өзүнүн карым-катыш, мамилелешүү адаттарын талдоого алуусу, анын коммуникациялык компетенцияларынын өнүгүшүнө алып келет. Буларга кошумча карым-катыш, мамиле жаатында башка адамдар менен окшоштуктарын жана айырмачылыктарын биле алуусу, өз кемчиликтеринин үстүнөн иштөөсү, анын коммуникациялык чеберчилигин арттырат.

Жыйынтыктап айтканда, ЖОЖдо "Жалпы психология" предметин үйрөнүү педагогикалык адистиктерде окуган болочок педагогдордо психологиялык, педагогикалык - психологиялык компетенцияларды, компетенттүүлүктөрдү калыптандырып, алардын өз кесибинде ийгиликтүү иштөөсүнө зарыл болгон эн негизги сапаттарды калыптандырууга негиз болот.

Билим берүү талаптарына ылайык Кыргызстанда кесипке даярдоо билим берүүнү прагматикалык мүнөздө болушун талап кылып, студенттер алган билимдерин турмуш-тиричиликте, кесибинде колдоно алуу жөндөмүнө ээ кылуу билим берүү тармагындагы негизги максатка айланууда. "Жалпы психология" предметин окутууда берилүүчү билимдерди практикада колдоно алууга үйрөтүүгө басым жасайбыз. Бул максатты ишке ашыруу үчүн практикалык сабактарда тренингдердин элементтерин жана атайын студенттер менен "Инсандын эмоционалдык абалдары" аттуу тренингди колдонобуз. Мындай сабактардын таасиринин натыйжасында студенттер, өздөрүнүн жана курбалдаштарынын, жакын адамдарынын кандай эмоционалдык абалда тургандыктарын жана аларга дагы кошумча кандай карым-катыш жасоонун жактарын аныктап ойлорун ачык, так даана жеткирүүнү жана талкууларга активдүү катышып өз көз караштарын коргоону үйрөнүшөт. Бара-бара ал көндүмдүмдөр билгичтиктерге айланып, алардын жөндөмү катары көрүнө баштайт.

Жыйынтык

Педагог мектепте ар башка социалдык топторго мүчө болгон, ошого жараша психологиялык өзгөчөлүктөрү: эмоционалдык абалы, мүнөзү, темпераменти, жүрүм-туруму, ой-пикири, адамдар менен мамилелешүүсү ж.б. ар башка болгон окуучулар менен иш жүргүзөт. Ошондуктан болочок педагог окуучулардын эмоционалдык абалдарын, мүнөзүн, жөндөмдүүлүктөрүн, жүрүм-турумунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, механизмдерин жана алардын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн терен билгенде гана алар менен жыйынтыктуу карым-катыш жасап, окуучулардын өз ара бири-бири менен болгон карым-катышын ийгиликтүү уюштуруп, окуу жана тарбия иштерин сапаттуу жана натыйжалуу жүргүзүүгө жетишет.

Психология илимдериндеги терминдер кыргыз тилинде тактала электигинен: бир эле термин ар түрдүүчө терминдерде аталары жана терминдердин ар бир тармакта өз өзүнчө мааниге ээ болгон учурлар кездешет жана терминдер жаатындагы мындай абал студенттердин психологияны терең үйрөнүшүндө чаташууларды жаратып, бир топ кыйынчылыктарга алып келет. Ошондуктан жалпы психология предметин окутууда эн биринчи кезекте студенттерге терминдерди ачыктап берүү зарыл болуп саналат. Мисалга алсак жалпы психология предметиндеги "сезүү" жана "сезим" сыяктуу түшүнүктөрдүн, сезүү жана кабыл алуунун кээ бир өзгөчөлүктөрүн аныктап тактап түшүнүктөрүнүн турмуштагы ачык мисалдар аркылуу айырмалап алууга үйрөтүүгө болот.

Бул айтылгандардан да эн биринчи кезекте студенттерге терминдерди ачыктап берүү зарыл болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Билим берүү стандарты (№ 1179/1 15.09.) 2015-ж. Бишкек шаары.
2. К.Миңбаев, А. Закиров Психология Ош-2010-ж. 183-198 -беттер.
3. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Түзгөн: Мурзаев М.С. Б.: 2016. -176 б.
4. Психология. Словарь Под общ. ред. А.В.Петровского, М.Г.Ярошевского -2-е изд. испр.и доп. М.:Политиздат М. 1990. -494 с.
5. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы. Б.:2015.-256 б. ISBN 978-9967-464-70-4